КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

16.11.2023 № 5429/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**“Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети” Мекемесине билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия берүү жөнүндө**

“Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети” Мекемесинин жетекчилигинин жогорку кесиптик (магистр), ЖОЖдон кийинки кесиптик жана кошумча билим берүү программалары боюнча лицензия берүүгө 2023-жылдын 10-октябрындагы №01-9/16376 арызы менен кайрылган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы №552 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү ишин лицензиялоо тартиби жөнүндө Убактылуу жободо көрсөтүлгөн лицензия алуу үчүн зарыл болгон документтер Министрликке тапшырылган. Жогоруда көрсөтүлгөн арызды карап чыгуу максатында, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 24-октябрындагы №5279/1 буйругунун негизинде комиссия барып текшерип келген.

Комиссиянын текшерүү баракчасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча кеңешинин 2023-жылдын 2-ноябрындагы №14 отурумунда каралды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча кеңешинин 2023-жылдын 2-ноябрындагы №14 отурумунун №14-8 чечимин аткаруу максатында, *буйрук кылам:*

1. Комиссиянын лицензиялык текшерүү баракчасынын негизинде “Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети” Мекемесине төмөнкү жогорку кесиптик (магистр), ЖОЖдон кийинки кесиптик жана кошумча билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүргүзүү үчүн лицензия **берилсин:**

- 17.00.02 “Музыкалык искусство” (аспирантура) ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү программасы;
- 24.00.01 “Маданияттын тарыхы жана теориясы” (аспирантура) ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү программасы;
- 550600 “Көркөмдүк билим берүү” (магистратура) жогорку кесиптик билим берүү программасы;
- “Хореография” кошумча билим берүү программасы;

- "Музыкалык аткаруучулук (түрлөрү боюнча)" кошумча билим берүү программасы;

- Көркөмдүк билим берүү кошумча билим берүү программасы;

- "Музыка мугалими" кошумча билим берүү программасы.

2. "Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети" Мекемесине жогорку кесиптик (магистр), ЖОЖдон кийинки кесиптик жана кошумча билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия берилгендиги жөнүндө кабарлоо жиберилсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо лицензиялоо бөлүмүнө (А.О. Ибраев) тапшырылсын.

Негизи: 2023-жылдын 2-ноябрындагы Лицензиялоо боюнча кеңешинин №14 отурумунун №14-8 протоколу.

**Министрдин орун басары** **А.Ж. Рысбаева**